| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП-03-ПП(10)<br>01-2-28 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 5
«28» 01 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору ____________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № ____
«29» 01 2026-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун ТАРМАКТЫК КЕҢЕШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2026**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА версиясы№ | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы |
|---|---|---|
| 1. | | № 9 протокол, 30 май 2022 ж. |
| 2. | 1.1.-1.3 жана 2.1.2.; 2.2.9 пункттары жаңы рекдакцияда жазылды | № 5 протокол, 28 январь 2026 –ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы КМТУнун тармактык кеңештери боюнча жобо (мындан ары – КМТУ, Университет) Кыргыз Республикасынын өнөр жай жана экономика тармактарындагы тармактык кеңештердин негизги максаттарын жана милдеттерин, курамын жана уюштуруучулук түзүмүн, ошондой эле алардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана камсыздоонун негизги жоболорун белгилейт. Тармактык кеңештерди түзүүнүн максаты – бул жумуш берүүчүлөрдүн кызматкерлердин эмгек сапатына болгон талаптарын канааттандырууга көмөктөшүү, ошондой эле кесиптик билим берүү системасына жумуш берүүчүлөрдүн инвестицияларын көбөйтүп, мамлекеттик жана жеке сектордун өндүрүмдүүлүгү менен эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Бул иштер эмгек рыногундагы квалификацияларга болгон суроо-талап менен сунуштун оптималдуу тең салмактуулугуна негизделет. Ошондой эле университет менен Кыргыз Республикасынын экономика тармактарынын туруктуу кызматташуусун орнотуу жана өнүктүрүү аркылуу билим сапатын жогорулатууга багытталган.

1.2. Тармактык Кеңеш (мындан ары — Кеңеш) кафедра башчыларынын же институт/жогорку мектеп директорлорунун, индустрия өкүлдөрүнүн жана Университеттин башка структуралык бөлүмдөрүнүн демилгеси менен түзүлөт жана ректордун буйругу менен бекитилет.

1.3. Кеңеш юридикалык жак эмес жана КМТУнун бүтүрүүчүлөрүнүн квалификациялары, өндүрүш жана өнөр жай тармактары боюнча университет менен ишканалар/уюмдардын ишмердүүлүгүн координациялоо максатында кесиптик кызыкчылыктардын негизинде юридикалык жана юридикалык эмес жактарды бириктирген бирикме болуп саналат.

1.4. Кеңештин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын укуктук актыларына, эл аралык жана мамлекеттер аралык келишимдерге, мамлекеттик стандарттарга, тиешелүү экономика тармагындагы эрежелерге жана норма-стандарттарга, ошондой эле ушул Жобого ылайык жүргүзүлөт.

1.5. Кеңешке Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн кесиптик даярдыкка ээ жарандар жана юридикалык жактар катыша алат, алар ушул Жобо менен, Кеңештин башка уюмдук жана методикалык документтери менен белгиленген талаптарды тааныйт жана аткарышат.

1.6. Жобо КМТУнун Окумуштуулар Кеңешинде (катышуучулардын кеминде 2/3 добушу менен) талкууланып, бекитилгенден кийин күчүнө кирет жана бул чечим кабыл алынган күндөн тартып колдонулат.

## 2. Негизги максаттар жана милдеттер

2.1. Кеңешти түзүүнүн максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

2.1.1. Тиешелүү өнөр жай тармагында жана университетте мамлекеттик эки тараптуу өнөктөштүктү өнүктүрүү, билим алуучуларды окутуу процессинде алардын өндүрүштүк операцияларды аткаруу, сактоо, ташуу, сатуу жана утилдөө боюнча зарыл квалификациясын жана тажрыйбасын алуу менен байланышкан милдеттерди аткарууга багытталган.

2.1.2. Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 22-майындагы №67 «Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жөнүндө» мыйзамын (керектүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) мамлекеттик жана корпоративдик секторлордо ишке ашырууга көмөктөшүү.

2.1.3. Кызыктар тараптардын (ишкерлер жана И. Раззаков атн. КМТУ) ишмердүүлүгүн координациялоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

2.2. Кеңештин ар кандай тармактардагы кызматташтыкты координациялоо, колдоо жана кызыкчылыктарды ишке ашырууга көмөктөшүүсү төмөнкүлөрдү камтыйт:

2.2.1. Кесиптик же квалификациялык стандарттарды даярдоого катышуу.

2.2.2. Эмгек рыногунун маалыматтарына таянып Мамлекеттик квалификациялык стандарттардын тизмесин иштеп чыгууга көмөктөшүү.

2.2.3. Эмгек рыногундагы квалификацияларга болгон сапаттык жана сандык суроо-талапка таасирин талдоо.

2.2.4. Тиешелүү тармактын келечектеги муктаждыктарын алдын ала баалоо үчүн зарыл билимдерди жана компетенцияларды аныктоо.

2.2.5. Квалификациялык ажырымдарды кыскартуу — тармактагы адистерге болгон суроо-талап менен эмгек рыногундагы сунуштун айырмасын азайтуу.

2.2.6. Өнүмдөрдү, иштерди жана кызматтарды сертификаттоо системаларын, сапатты башкаруу системаларын иштеп чыгууга катышуу, ошондой эле сертификаттоо, сыноо жана аккредитация

боюнча эл аралык жана региондук уюмдарга активдүү катышууга көмөктөшүү.
2.2.7. Билим берүү мекемелери менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосундагы кызматташууну күчөтүү.
2.2.8. Эмгек рыногуна сапаттуу жумушчу күчтү камсыздоого байланыштуу маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик каржылоону эффективдүү колдонууга негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.
2.2.9. Билим алуучулардын практикаларын (иш орунундагы окутуу) уюштуруу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууга катышуу, ишканалардын аракеттерин көрсөтүү менен.
2.2.10. Кесиптик билим берүү тармагында мамлекеттик жана жеке өнөктөштүктү түзүү жана ишке ашыруу системасын түзүүгө катышуу.
2.2.11. Кыргыз Республикасындагы заманбап өндүрүштүн талаптарына жооп берген окуу программаларын иштеп чыгууга катышуу, кесиптик билим берүү системасынын көйгөйлөрүн эске алуу менен, жумуш берүүчүлөрдүн билим сапатын жогорулатууга катышуусун белгилөө.
2.2.12. Кеңештин максаттарын популяризациялоо, кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү аркылуу журналдар чыгаруу, макалалар жарыялоо, багытталган окутуу, тармактык конференциялар жана семинарларды уюштуруу.
2.2.13. КМТУ менен ишканалардын илимий-техникалык кызматташтыгына көмөктөшүү, КМТУнун инновациялык иштеп чыгууларынын коммерциялашуусуна көмөк көрсөтүү.

## 3. Тармактык Кеңешти түзүү механизми

3.1. Кеңештинмүчөлөрү катары төмөнкү секторлордон катышуучу уюмдардын өкүлдөрү кирет:
- Ишканалар жана компаниялар;
- Бизнес-ассоциациялар;
- Тиешелүү министрликтердин, ведомстволордун жана уюмдардын өкүлдөрү;
- И. Раззаков атындагы КМТУнун өкүлдөрү.

3.2. Тиешелүү тармактын Кеңешинин уюштуруучулук түзүмү төмөнкүлөрдөн турат:
- Төрага;
- Төраганын орун басары;
- Катчы;
- Кеңештин катышуучулары;
- Кеңештин чечими менен белгилүү программаларды жана/же долбоорлорду ишке ашыруу максатында түзүлгөн жумушчу топтор (ЖТ).

## 4. Тармактык Кеңештин иштөө регламенти

4.1. Кеңеш өз ишмердүүлүгүн ушул Жобо жана башка уюштуруучулук жана регламенттөөчү документтер, программалар жана Кеңештин жыйналыштарында кабыл алынган иш пландары боюнча уюштурат.
4.2. Кеңеш өз ишин жүргүзүп, учурдагы ишмердүүлүктү кат аркылуу жүргүзүп, жылына кеминде бир жолу Кеңештин жыйналышын өткөрөт, ал эми алар аралыгында Кеңештин жетекчилиги, ишчи топтордун жыйындары жана башка кеңешмелер өткөрүлөт.
4.3. Программаларды жана иш пландарын аткаруу максатында Кеңеш өз жыйналыштарында же Кеңештин жетекчилиги тарабынан жумушчу топторду (ЖТ) түзөт. ЖТга Кеңештин катышуучулары, бардык кызыкдар тараптар жана чакырылган көз карандысыз адистер кире алат. Кеңештин жетекчилиги ЖТнын жетекчисин жана иш программасын бекитет.
4.4. Кеңеш жыл сайын пленардык жыйналыштарды өткөрөт, анда:
- Кеңештин жетекчилиги, бириктирилген катчылык жана ишчи топтордун жылдык отчеттору угулуп, бекитилет;
- жылдык иш программалары жана иш-чаралардын пландары ишчи топтор жана багыттар боюнча кабыл алынат;
- Кеңештин ишмердүүлүгү, программаларынын каржылануу, ошондой эле ушул Жобого өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизүү боюнча уюштуруучулук чечимдер кабыл алынат.
4.5. Зарыл болгондо, Кеңештин жетекчилигинин чечими же мүчөлөрүнүн сунушу боюнча пландалбаган Кеңеш жыйналыштары өткөрүлүшү мүмкүн.
4.6. Чечимдерди кабыл алуу тартиби Кеңеш тарабынан бекитилген жобо негизинде аныкталат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ: УИБ башчысы А.Ж. Исраилов